КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү

боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К.Шайлдабековага

# Арыз

Урматтуу Нуржан Кармабековна!

№7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү күнү 2024-жылдын 28-апрелине белгиленген. Үгүт өнөктүгү учурунда 2024-жылдын 28-апрель күнү талапкер Ильичбек Эргешовго тийиштүү адамдар добуш сатып алууга (подкуп) шектелип Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан аныкталган. Аталган факты Ош ШИИБдин Кылмыштарды каттоо маалыматтык бирдиктүү реестрине №02-41-2024-001212 саны менен катталган.

Аталган факты боюнча текшерүү жүргүзүлүп текшерүүнүн жыйынтыгы менен кылмышты козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Аталган чечим шаардык прокуратура тарабынан көзөмөл ирээтинде окулуп, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү чечим шаардык прокуратура тарабынан мыйзамдуу деп табылып, жыйынтыгында БШКга кошумча текшерүү үчүн өткөрүлүп берилген. Бирок, БШК кармалган 8 кишинин 4 мыйзамдуу түрдө иштеп, ал эми 4 боюнча эч кандай тастыктоочу документ жок болгондугуна карабастан бул иште эч кандай одоно мыйзам бузуу жок деген чечим чыгарган.

Мындай учурда Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамын одоно түрдө бузуу менен кабыл алынган чечим мыйзамсыз деп эсептелиниш керек эле.

Жогорудагы жазылгандардан улам, жана буга чейин талапкерлиги четтетилген Максатбек Маматкуловдун жана Бекмурза Эргешовдун жагдайларын эске алуу менен бирге (эскерте кетсек, эки кандидат дагы ушундай эле мыйзам бузууларга жол берген) БШК мүчөлөрүнөн ишти дагы бир жолу карап, мыйзамга ылайыкташтырган чечим кабыл алууңуздарды талап кылымын.

№7 Ош шайлоо округу боюнча Жогорку

Кеңештин депутаттыгына талапкер

2024-жыл, 30-апрель Бекболот Арзибаев